# PLITONIT СУПЕРФИНИШ куйма пол

PLITONIT Plitonit Deutsche Qualität

ИШТИН КӨЗҮН БИЛГЕН АДИС БОЛУУ ОҢОЙ




**20 кг**

- ✓ **Кварцвинилге жана ламинатка ылайыктуу**
- ✓ **Абдан жылмакай бет**
- ✓ **3 сааттан кийин басууга жол берилет**
- ✓ **Жайылуусу: 310 ммден кем эмес**
- ✓ **«Жылуу пол» тутумунда колдонууга төп келет**

**Тегиздөө катмары** | **1-20 мм**

Башка тилдеги нускаманы жүктөп алуу/
Download the manual in another language
kz | az | uz | tj | kg | tm | am | ge | mn

## Колдонуу чөйрөсү

| | |
|---|---|
| **Каптоонун түрлөрү** | |
| Керамогранит | + |
| Ламинат | + |
| Кварцвинил/кварцпакет | + |
| Паркет | - |
| Ковролин/линолеум | + |
| Каптамасы жок/сырдаганга арналган | - |
| **Негиздин түрлөрү** | |
| Монолит бетону | + |
| Жарым кургак (цемент) негизиндеги тегиздөө катмары | + |
| Курама (ийилип-өзгөрө турган) негиздер: OSB, фанера, тактайлар, ГКЛ, жабуучу плиталар* | - |
| **Жумуштун багыты** | |
| Орточо нымдуулуктагы бөлмөлөр (турак бөлмөлөр) | + |
| Нымдуулугу жогору жайлар (сан. түйүндөр, ванна бөлмөлөрү, ашканалар)* | + |
| Ички жумуштар | + |
| Тышкы жумуштар | - |
| «Жылуу пол» тутуму (суу жана электр) менен шайкеш келет | + |

* Санитардык түйүндөрдө жана ванна бөлмөлөрүндө колдонгондо бетти **PLITONIT ГидроЭласт** суу өткөрбөс каражат менен иштетүү талап кылынат

## Техникалык мүнөздөмөлөрү

| | |
|---|---|
| **Кургак аралашма үчүн** | |
| Толтургуч бөлүкчөлөрүнүн эң чоң өлчөмү | 0,63 мм |
| Тегиздөө катмары | 1-20 мм |
| Суунун өлчөмү | |
| ● 1 кг аралашмага | 0,225-0,24 л |
| ● 20 кг аралашмага | 4,5-4,8 л |
| **Колдонууга даяр болгон аралашма үчүн** | |
| Колдонууга даяр аралашманын колдонуу убактысы | 30 мүнөт |
| Жайылуу көрсөткүчү (шакектин жайылуусу) | ≥310 мм |
| **Каткан абалдагы аралашма үчүн** | |
| Үстүнөн басууга мүмкүнчүлүк | 3 саат |
| Кадимки шарттарда белгилүү мөөнөттө кысуу боюнча бекемдик 3 саттан кийин | ≥ 4 МПа |
| Кадимки шарттарда белгилүү мөөнөттө кысуу боюнча бекемдик 7 суткадан кийин | ≥ 20 МПа |
| Негиз менен кошулуу бекемдиги 7 суткадан кийин | ≥ 1 МПа |
| 7 суткадан кийин ийилүүгө болгон созулуу бекемдиги | ≥ 6 МПа |
| Колдонуу учурундагы температура режими | +70°Ска чейин |
| Табигый радионуклиддердин салыштырмалуу натыйжалуу активдүүлүгү | 370 Бк/кг көп эмес |

## Негизди даярдоо

| | |
|---|---|
| 1 | Негиз бекем болушу керек (B15 маркасындагы бетон же андан жогору, цементтик тегиздөө катмарынын кысуугa карата бекемдиги 10 МПа кем эмес), конструкциялык жүк көтөрүүчү жана толук бойдон тешип өткөн жаракалар болбошу керек. |
| 2 | Негизди кирден, чаңдан, майлардан, ошондой эле ажырап түшүп жаткан нерселерден тазалаңыз. |
| 3 | Кыртыш щетка, кылдуу сырдагыч (кисть) же айланма сырдагыч (валик) менен сыйпалат. Кыртыш жука, бир калыптагы катмар түзүшү керек, көлчүктөр пайда болбосун. Кыртыш сыйпалган беттин сапаты 20–30 мүнөт аралыгында сууну сиңирбегендиги менен аныкталат. |
| 4 | Полимер-гипс негизиндеги тегиздөө катмарларын тегиздөөдө илешүү катмарын жаратуу үчүн бетти толтургучтун бөлүкчөлөрү көрүнгөнгө чейин жылмалагыч менен иштетүү керек. |
| 5 | Негиздеги чаңды эң акырында чаң соргуч менен тазалоо керек. |
| 6 | Тегиздөө катмарын дубалдардан жана бөлгүчтөрдөн атайын демпфердик (жээгине коюлуучу) тасма менен сөзсүз алдын ала обочолонтуу зарыл. |
| 7 | Керектүү тегиздөө деңгээлин аныктоо үчүн **PLITONIT өзү чапталуучу реперлик маяктар** орнотуу керек. |
| 8 | Жылмакай, тыгыз беттерди (монолиттик бетон, жабуучу плиталар ж.б.) **PLITONIT Кыртыш СуперКонтакт праймери** менен иштетүү керек. |

Эгер иштер «жылуу пол» тутуму орнотулган негизде жүргүзүлсө, анда иштерди баштоодон 2 сутка мурун «жылуу пол» тутумун өчүрүү сунушталат.

**Кадимки нымдуулуктагы жайларда негизге жараша кыртыш тандоо**

| Негиздин түрү | PLITONIT Терең сиңүүчү кыртышы | PLITONIT 1 кыртышы | PLITONIT Кыртышы Бекемдөөчү |
|---|---|---|---|
| Монолит бетону | + | 1:5 | — |
| Жарым кургак тегиздөө катмарлары | + | 1:2(3) | — |
| Цемент тегиздөө катмарлары | + | 1:3 | — |
| Гипс тегиздөө катмарлары | + | 1:3 | — |
| Морт жана үбөлөнгөн беттер | — | 1:2 | + |

**Плитканы төшөө алдында кадимки нымдуулуктагы бөлмөлөрдө негизди даярдоо**

| | |
|---|---|
| Ванна бөлмөсүн дегү полдор | Кайсы негиз болбосун, **PLITONIT WaterProof Standard** же **PLITONIT ГидроЭласт** менен 1, 2 суу өткөрбөс катмар кылынат |

### Аралашманы даярдоо

**Кургак аралашманы даярдоо үчүн ичүүчү суу түтүгүнөн алынган сууну колдонуу керек.**
**Аралаштыруу катышы: 1 кг кургак аралашмага 0,225-0,24 л суу талап кылынат (20 кг үчүн 4,5-4,8 л)**

| | |
|---|---|
| 1 | Кургак аралашманы аралаштыруу үчүн бөлмө температурасындагы суунун керектүү көлөмүн өлчөңүз. |
| 2 | Кургак аралашманы алдын ала өлчөнгөн суунун өлчөмүнө кошуңуз. Сууну белгиленген өлчөмдөн ашырып куюуга катуу тыюу салынат. |
| 3 | Кургак аралашманы электр миксери же насадкасы бар электр бургу менен 2–3 мүнөт аралыгында бир тектүү масса алынганга чейин аралаштырыңыз.* |
| 4 | Аралашманы кайра аралаштыруу зарыл эмес. |

* айлануу ылдамдыгы 600 мүн/айл ашпоого тийиш

**Даяр аралашманын колдонуу убактысы 60 мүнөттү түзөт жана аралашманын температурасы 20±2°С болушу керек.**

### Иштерди аткаруу тартиби

Ишти баштаардын алдында аралашманы аралаштырганга ылайыктуу идишти, суу үчүн өлчөгүч идишти, сууну, электр бургуну/миксерди, ошондой эле **PLITONIT СуперФиништи белендеп алыш керек.** Ишти чыгуу эшигине эң алысыраак дубалдан баштоо сунушталат.

| | |
|---|---|
| 1 | Тегиздөөчү аралашманы дубалга жанаша, туурасы болжол менен 50 см болгон тилкелер менен шыбалат |
| 2 | Эки порцияны кошуу аралыгы 10-15 мүнөттөн ашпоого тийиш |
| 3 | Тегиздөөчү аралашманы дубалга бир калыпта жайылтуу үчүн ракля же кең шпатель колдонулат |
| 4 | Аралашмадан абаны чыгаруу үчүн **PLITONIT Ийнелүү валикти** колдонуңуз |

### «Иштерди аткаруу тартиби» бөлүмүнө кошумча маалыматтар

| | |
|---|---|
| 1 | Иштер тыныгуусуз, жогорку ылдамдыкта аткаруу сунушталат |
| 2 | Эгер майда жаракалар сейрек болсо жана катмар негизден ажырабаса, полдун ишке жарактуулук касиеттери сакталат |

### Жумуш аткаруунун шарттары

Иш жүргүзүлүп жатканда жана андан кийинки 3 сутка аралыгында аба, негиз жана плитканын температурасы +5 ºСтан +30 ºСка чейинки чекте сакталууга тийиш. Иш жүргүзүүлүп жатканда аралашманын температурасы +10ºСтан +30ºСка чейин болушу керек.

### Көңүл буруңуз

Жумушту кеминде эки кишиден турган топ менен жүргүзүү сунушталат. Сууну керектүү өлчөмдөн ашырбаш керек. Тегизделген бетти куюп бүткөндөн кийин 3 сааттан кийин гана анын үстүндө басууга уруксат кылынат.
Санитардык түйүндөрдө жана ванна бөлмөлөрүндө колдонгондо бетти **PLITONIT ГидроЭласт** суу өткөрбөс каражат менен иштетүү талап кылынат. Керамикалык плитканы 3 күндөн кийин гана төшөөгө болот, буга чейин полдун бетин **PLITONIT полимердик кыртыштары** менен алдын ала кыртыштоо зарыл. Пластикалык жабууларды жана ламинатты болжол менен 7 күндөн кийин төшөөгө болот, ага чейин негиздин нымдуулугун өндүрүүчүнүн нускамасында уруксат берилген көрсөткүч менен салыштыруу керек. Көрсөтүлгөн мүнөздөмөлөр айлана-чөйрөнүн температурасы 20±2°С жана абанын салыштырмалуу нымдуулугу 60±10% болгон шартта жарактуу. «Жылуу пол» түзүмүн иштетүүгө 7 сутка өткөндөн кийин гана күйгүзүүгө уруксат берилет.

### Сактык чаралары

**Бул аралашма ГОСТ 12.1.007 боюнча коопуулуктун 4-классына (көп коопту эмес заттарга) кирет.**

**Жумуш учурунда кол каптарды, коргоочу көз айнектерди жана дем алуу органдарын коргоочу каражаттарды колдонуу керек.**

**Аралашма териге жана көзгө тийбеши керек. Көзгө тийип кетсе, дароо көп өлчөмдөгү суу менен жууп салуу керек.**

**БАЛДАРДАН ООЛАК КАРМОО КЕРЕК!**

### Курамы

Гипс байлоочу материалдар, минералдык толтургуч, портландцемент жана өзгөртүүчү кошулмалар

### Ташуу жана сактоо

Аралашманы жүктөрдү ташуу эрежелерине ылайык жабык транспорт каражаттарында ташуу керек. Кургак аралашма салынган баштыктарды жабык, кургак жайларда, таңгактын бүтүндүгү сакталган жана нымдан корголгон шарттарда сактоо керек. Өндүрүүчүнүн идишинде сактоо мөөнөтү: ташуу жана сактоо шарттары сакталган учурда өндүрүлгөн күндөн тартып 12 ай.

### Өндүрүүчүнүн кепилдиктери

Өндүрүүчү керектөөчү ташуу, сактоо шарттарын жана ушул нускаманын көрсөтмөлөрүн сактаган учурда аралашманын ГОСТ 31358 жана ТУ 23.64.10-277-51552155-2017 талаптарына шайкештигине кепилдик берет. Материал менен иштөө технологиясы сакталбаса, ошондой эле ал ушул нускамада айтылбаган максаттарда жана шарттарда колдонулса, өндүрүүчү булар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Таза салмактан уруксат берилген четтөөлөр ГОСТ Р 8.579-2001 стандартына ылайык аныкталат. Өнүм жарандык курулуштун бардык түрлөрүндө колдонууга уруксат берилет (Аэфф < 370 Бк/кг; СанПиН 2.6.1.25.23-09 «Радиациялык коопсуздук нормалары (РКН 99/2009)» боюнча материалдардын I классы).

### Сарптоо

1 мм катмар калыңдыгында 1,7 кг/м²

**КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮ КОЛДОО КЫЗМАТЫ**

8 (800) 555 - 71 - 67

www.plitonit.ru

e-mail: info@mc-bauchemie.ru